**Сен дегенде**

Жан экенсиң жылдыздуу жаркылдаган,
Жанга жагым бир сезим тартуулаган.
Жан адамга билгизбей күбүрөймүн
Кайра-кайра кайталап атыңды улам.

Сен дегенде кыялга чөмүлөмүн,
Сен дегенде нур болуп төгүлөмүн.
Сен дегенде унутуп кайгы-муңду,
Мелт-калат толот үмүткө көкүрөгүм.